«БЕКИТЕМИН»
И.Арабаев атындагы КМУнун
Илим, эл аралык коммуникация
жана инновация боюнча проректору,
п.и.д, проф.м.а. А.К.Чалданбаева
____________________
«__24__»__01____2024-ж.

И. Арабаев атындагы КМУнун Педагогика жана психология институтундагы башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын отурумунун

**№ 4 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

«__24__»__01____2024-ж. Бишкек ш.

**Күн тартиби:**

И.Арабаев атындагы КМУнун Педагогика жана психология институтунун башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын изденүүчүсү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) боюнча педогогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкулоо.

**Төрайымы:** М.А. Куканова – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., башталгыч мектепте кыргыз орус жана тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы.

**Катчы:** Г.Б.Бактыгулова – башталгыч мектепте кыргыз орус жана тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын окутуучусу.

**Катышкандар:**

1. Мусаева В.И. – п.и.д., профессор (13.00.02)
2. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор (13.00.01)
3. Чыманов. Ж.А. – п.и.д., профессор (13.00.02)
4. Раимбекова М. – п.и.к., доцент (13.00.02)
5. Сатылганова Р.Т. – п.и.к., доцент (13.00.02)
6. Омурбаева Д.К. – п.и.к., доцент (13.00.02)
7. Эралиева Ы.С. - филол.и.к., доценттин м.а.(10.01.01)
8. Абдраева Н.Э. – п.и.к., доцент (13.00.02)
9. Нуркулова М.Р. – п.и.к., доцент (13.00.02)
10. Мырзадаирова Д.Ш. – п.и.к., доценттин м.а. (13.00.02)
11. Жолдошалиева Ж.Э. – п.и.к., доценттин м.а. (13.00.02)
12. Садыкова В.Э. – ага окутуучу
13. Кочкорбаева А.К. – ага окутуучу
14. Зайнидинова Г.Ш. – ага окутуучу
15. Муратбекова Ж.М. – окутуучу
16. Турдиева Г. – окутуучу
17. Бактыгулова Г.Б. –окутуучу, лаборант

**Каралуучу маселе:**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология инситутунун башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын изденүүчүсү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкулоо.

**Угулду:** Кафедра башчысы п.и.к., доценттин м.а. Куканова Махабаткан Абдыбековна кафедра мүчөлөрүн Кыргыз Республикасынын

Президентине караштуу УАКтын №1 – 9/422. 26.09.2022 маалыматтык каты менен тааныштырды. Андан соң катчы, кафедранын окутуучусу Г.Б. Бактыгуловага сөз берилди.

**Г.Б. Бактыгуловага** (башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын окутуучусу) – И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология инситутунун башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын изденүүчүсү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын педогогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темада диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы менен тааныштырды. Ошону менен бирге аталган теманын жаңылыгы катары кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттарын, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгын, анда сабактын максаттарын, мазмунун, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелерди, окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыгышын аныктагандыгы, темага байланыштуу илимий-методикалык эмгектерди, практикалык иштелмелерди окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, сабактын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык негиздери, сабактын үлгүлөрү изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылдыгына, педагогикалык эксперименттин иш-аракеттер изденүүчү тарабынан же анын көрсөтмөсү боюнча ишке ашырылып, корутундулар, практикалык сунуштар изденүүчүнүн жекече иштөөсү аркылуу аткарылгандыгына токтолуп өттү.

**Докладдын негизинде төмөндөгүдөй суроолор берилди:**

**Калдыбаева А.Т.** – п.и.д., профессор

**Суроо:** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы эмнеде?

**Жооп:** Кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкы жолу кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттары, кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык иштелип чыккандыгы, анда сабактын максаттары, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгү менен компетенттүүлүгү жөнүндөгү маселелер, окутуунун жаңы парадигмаларын кыргыз тили сабагында колдонуунун методикалык негиздеринин талапка ылайык иштелип чыгышын аныктоо менен орто мектептерге барып, окуучулардын индивидуалдуулугун эске алып, алынган натыйжаларынын илимий жаңылыгы менен практикалык маанисин орто мектептеги кыргыз тилинин сабагынын натыйжалуулугун жогорлатуунун методикалык шарттарын окутуунун жаңы парадигмаларын колдоонун методикалык негизги жаңылыгы болуп саналат.

**Мусаева В. И. -** п.и.д., профессор

**Суроо:** Изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктоодо кандай көйгөйлөр бар?

**Жооп:** Илимий темамда төмөнкүдөй көйгөйлөрдү көрсөткөм. Алар жалпы эле сабак, анын ичинде кыргыз тили сабагы жөнүндө бир катар эмгектер, сабактын үлгүлөрү иштелип чыгып, практикага сунуш кылынганы менен кыргыз тилин окутууда, сабак өтүүдө бир катар карама – каршылыктар окутуу процессинде орун алып келе жаткандыгы. Биринчиден, кыргыз тили сабагы илимий – теориялык жактан иштелип, көптөгөн тажрыйбалар топтолсо да сабакта коюлган максаттар толук ишке ашпай келген. Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорлатуунун методикалык шарттарын окутуу-үйрөтүү боюнча, кыргыз тилин окутуу процесси мезгилдин суроо-талаптарына жараша айрым өзгөрүүлөргө, толуктоолорго дуушар болуп, жакшыруу, өркүндөө багытындагы иш-аракеттер талашсыз жүрүп келген да окутууда мазмуну менен окутууда формасы олуттуу өзгөрүүлөргө ээ болбостон, негизделип, алгачкы мазмуну менен алгачкы формасын толук сактап келе жатат. Кыргыз тил илиминдеги болгон жаңы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кошуп, дагы татаалдаштыруу менен коштолуп келе жатат.

**Абдраева Н.Э.** - п.и.к., доцент

**Суроо:** Илимий-изилдөө ишиңизге байланыштуу канча илимий, илимий-методикалык макалаларыңыз жарык көрдү? Алардын канчасы РИНЦ статусундагы журналдарга жарыяланды?

**Жооп:** Рахмат, жалпысынан 11 макалам илимий журналдарга жарык көргөн. Алардын ичинен 6 макала РИНЦ журналдарына жарыяланган.

**Нуркулова М.Р.** - п.и.к., доцент

**Суроо:** Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы жана практикага киргизүү боюнча кайсы региондун мектептерине барып экспермент жасадыңыз?

**Жооп:** Бишкек шаарындагы жана Чүй райондорунда №8 У. Абдукаимов атындагы, №1 В.Ф.Марков атындагы, №2 Ж.Токторбаев атындагы, Сооронбай Дүр атындагы, Искра атындагы, Т. Каракеев атындагы мектептеринде, Аманат-Кызыл-Бирдик мекемесинде эксперименттер жүргүзүлдү.

**Талкууга чыгышты:**

Сатылганова Р.Т. – п.и.к., доцент. Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишин бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук жооп берет. Анда кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттарын аныктоо менен аны практикада колдонуунун ык-жолдорун иштеп чыгуу чагылдырылган.

Кошумча программаны бекитүүнү сунуштайм.

**Төрайымдын жыйынтык сөзү:**

Куканова М. А. - п.и.к., доценттин м.а.

Биздин бүгүнкү кафедранын отурумунда изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди

тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо максатында өткөрүлдү. Программа боюнча баяндамачынын баяндамасын жана ага карата кафедра мүчөлөрүнүн пикирлерин уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программада диссертациянын темасына шайкеш, илимий-изилдөө ишинин актуалдуулугу, изилдөө обьектиси, максаты, милдеттери так, жыйынтыкталган, өз алдынча бүткөрүлгөн иш экендигин белгилеп кетким келет.

Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароонун жана талкулоонун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Орто мектептеги кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун методикалык шарттары»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Отурумдун төрайымы:**
**Башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы, п.и.к., доценттин м.а.** **Куканова М. А.**

**Отурумдун катчысы:** **Бактыгулова Г. Б.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

«БЕКИТЕМИН»
И.Арабаев атындагы КМУнун
Илим, эл аралык коммуникация
жана инновация боюнча проректору,
п.и.д, проф.м.а. А.К.Чалданбаева
______________________
«_28_» _12_ ______2023-ж.

Черикчиева Гулмира Мейманбековнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасы

**Кошумча программанын мазмуну**

Программада жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутулуп келе жаткан кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттыруунун методикалык шарттарын азыркы талаптарга ылайык аныктоо жана аны ишке ашыруунун ык-жолдорун, каражаттарын иштеп чыккан. Кыргыз тили сабагына коюлуп жаткан азыркы таанып-билүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялык жана билим-берүүчүлүк талаптарды ачып караган.

Сабактын натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн негизги методикалык шарттары катары сабактын стратегиясын аныктап, билим берүүнүн жаңы парадигмаларын сабакта колдонгон, окуучулардын билим алуу көндүмдөрүн жакшыртууну жана интеграциялык окутууну көрсөткөн.

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, алар боюнча иштелип чыккан методикалык сунуштардын алгылыктуулугу атайын уюштурулган педагогикалык эксперименттик иш-аракеттер аркылуу сыноодон өткөрүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча ишке айрым толуктоолор киргизилип, практикада колдонууну сунуштаган.

Аталган кошумча программа бүгүнкү күндө орто мектептерде кыргыз тили сабагын окутуу методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби азыркы жаштардын басымдуу бөлүгүнүн кыргыз тили сабагына кызыгуусунун солгундашынын бир булагы – ааламдашуу процессинин

активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын окуучуларга тийгизген таасиринин күчтүүлүгү болуп эсептелет. Бул жагдайлар окутуунун мазмунун, формасын, жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат – милдетин окуучулардын билим алууга болгон даярдыктарын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдулдаев Э. Кыргыз тили [Текст] / Э. Абдулдаев, С. Давлетов, А. Иманов, А. Турсунов. – Фрунзе: Мектеп, 1986. – 349 б.
2. Акунова А. Р. Кыргыз тили. 2-класстын окуу китебине карата мугалимдер үчүн усулдук колдонмо [Текст] / А. Р. Акунова, Б..Чокошова. – Бишкек, 2013.
3. Акунова А. «Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы» дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси [Текст] / А. Акунова, К. Сартбаев, А. Мураталиева 1-бөлүм. – Бишкек, 2013.
4. Акунова А. «Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы» дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси. 2-бөлүм [Текст] / А. Акунова, К. Сартбаев, А. Мураталиева. – Бишкек, 2013.
5. Алимбеков А. Орто мектепте окутуунун методдору [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 2019. – 140 б.
6. Алымова А. Т. Кыргыз тилинин практикалык курсу боюнча методикалык колдонмо (кыргыз классын бүтүргөн топтор үчүн) [Текст] / А. Т. Алымова, К. Назарбекова, З. А. Алымбаева. – Бишкек, 2017. – 128 б.
7. Антонова Е. С. Методика преподавания русского языка: коммуникативно-деятельностный подход: учебное пособие / Е. С. Антонова [Текст] / – М.: КНОРУС, 2007. – 464 с.
8. Ахматов Т. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика [Текст] / Т. Ахматов, Ж. Мукамбаев – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 176 б.

9. Байгазиев С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Алтын тамга, 2012. – 475 б.

10. Башталгыч класстардын программалары. – Бишкек: Мектеп 2000. – 63 б.

11. Башталгыч мектептин программалары. – Фрунзе: Кыргызмамбас. 1940. – 87 б.

12. Бекбоев И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн [Текст] / И. Бекбоев, Алимбеков. – Бишкек, Бийиктик, 2011. – 192 б.

13. Бекбоев И. Б. Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы [Текст] / И. Б. Бекбоев, А. И. Тимофеев. – Фрунзе: Мектеп, 1988.

14. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И. Б. Бекбоев. – Бишкек: Педагогика, 2003. – 230 б.

15. Бердибаев Э. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы [Текст] / Э. Бердибаев, Б. Рысбекова, К. Сартбаев – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 230 б.

16. Васильев Е. В., Канин Т. И., Жиренко О. Е. Открытые уроки по курсу «Русский язык»: 5-11 класс [Текст] / Е. В. Васильев, Т. И. Канин, О. Е. Жиренко. – М.: 2008. – 128 с.

17. Вигман С. Л. Педагогика в вопросах и ответах: [Текст]: учеб. пособие / Вигман С. Л.– М.: Проспект, 2004. – 208 с.

18. Виневская А. В. Педагогические технологии: вопросы теории и практики внедрения [Текст]: справочник для студентов / Виневская А. В. – Ростов на Дону: Феникс, 2014. – 253 с.

19. Воителева Т. М. Теория и методика обучения русскому языку: учебное пособие для вузов [Текст] / Т. М. Воителева. – М.: Дрофа, 2006. – 319 с.

20. Гальперин И.Р. К проблеме дифференциации стилей речи [Текст] / Гальперин И.Р. – М.: Педагогика, 1984

21. Голуб К. Б. Секреты стилистики [Текст] / Голуб К. Б., Розенталь Д.Э. – М.: Высшая школа, 1996.

22. Давлетов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология [Текст] / Давлетов С., Кудайбергенов С. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 234 б.

23. Дейкина А. Д. Обучение и воспитание на уроках русского языка [Текст] / А. Д. Дейкина. – М.: Просвещение, 1990. – 176 с.

24. Дравс У. Организация урока (в вопросах и ответах). / Пер. с нем [Текст]: пособие для учителя / У. Дравс, Э. Фурманн – М.: Просвещение, 1984. – 128 с.

25. Дүйшеев Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистика. 1-китеп [Текст] / Ж. Дүйшеев– Бишкек: Учкун, 2006.

26. Дүйшеев Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистика. 2-китеп [Текст] / Ж. Дүйшеев. – Бишкек: Учкун, 2006.

27. Жалилов А. Кыргыз тили боюнча талдоонун түрлөрү [Текст]: орто мектептердин V-XI класстарынын окуучулары үчүн кошумча окуу куралы / А. Жалилов. – Бишкек: Айбек фирмасы, 1995. – 116 б.

28. Жаманкулова К. 5-6- класстарда кыргыз тилдин окутуунун айрым маселелери [Текст] / К. Жаманкулова, В. Мусаева – Фрунзе: Мектеп, 1990.

29. Жунусалиев Б. Табигат сырлары [Текст]: 1-китеп / Б. Жунусалиев. – Бишкек, Турар, 2015. – 180 б.

30. Загвязинский В. И. Педагогика [Текст] / В. И. Загвязинский, А. Ф. Захарова. – М.: Академия, 2008. – 352 с.

31. Золотарова И. В. Поурочные разработки по русскому языку [Текст]: 10 класс / И. В. Золотарова, Л. П. Дмитриева. – М.: ВАКО, 2008. – 240 с.

32. Исаков Б. Дилбаянды кантип жакшы жазуу керек? [Текст] / 5-11 кл. үчүн кошумча окуу китеби / Б. Исаков. – Бишкек: Учкун, 2018. – 84 б.

33.Исаков Б. Канткенде шар, угумдуу жана жеткиликтүү сүйлөөгө болот? [Текст] / Б. Исаков. – Бишкек: Турар, 2016. – 200 б.

**Кандидаттык экзамендин кошумча программасынын кыргыз тили боюнча суроолорунун тизмеси**

1. Интерактивдүү усулдар деген эмне?
2. Интерактивдүү усулдар салттуу усулдардан эмнеси менен айырмаланат?
3. Мугалим дайындуу мисалдар менен жаңы теманы түшүндүруп, мазмунун жана эрежесин окуучу өзү таап ала тургандай жагдай түзүү усулу эмне деп аталат?
4. Мугалимдин шыгынын, устаттыгынын, чеберчилигинин негизинде усулдарды колдоно алышы эмнеге байланыштуу?
5. Мектеп окуучуларын көркөм чыгармалардын маани-маңызын талдай билүүгө үйрөтүүнүн кандай жолдорун сунуштоого болот?
6. Коомго керектүү окуучуну окутуп тарбиялоонун мааниси эмнеде?
7. Суроо берүү аркылуу окуучулардын кандай ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өстүрсө болот?
8. Кыргыз тили сабагында окурмандык компетенттүүлүк кайсы компетенттүүлүктөр менен бирге аткарылат?
9. Интерактивдүү усулдардын кандай артыкчылыктары жана жетишкендиктери бар?
10. Башка бирөөнүн оюн уга билүү менен окуучунун кандай компетенттүүлүгүн калыптандырабыз?
11. Креативдүү тапшырмалар аркылуу окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун кантип жогорулатсак болот?
12. Окуу процессинин философиясы кандай болушу керек?
13. Окуучулардын жамааттык сезимдерин өнүктүрүүдө ар түрдүү идеялар менен ой пикирлерди эске алуунун мааниси эмнеде?

14. Окуучулардын окуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында интерактивдүү усулдарды ыктуу колдонуунун кандай жолдорун сунуштоого болт?

15. Кыргыз тилин окуп – үйрөнүүдө деңгээлдер боюнча кандай бааласа болот?

16. Мектепте кыргыз тилин окутууда кандай инновациялык технологияларды колдонобуз?

17. Чыгармачыл жазуу процессинин баскычтары кандай?

18. Класстын чыгармачыл жазуу процессин кантип уюштуруу керек?

19. Окуучулардын жазуудагы ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында кандай усулдарды колдонуу натыйжалуу?

20. Дифференцияланган окутуу деген эмне?

21. Окутуунун технологиясы, усул, ыкма дегенди кандай түшүнөсүң?

22. Текст деген эмне?

23. Метод жана методология терминдеринин айырмасы?

24. Жалпы дидактикалык принциптер кайсылар?

25. Теория менен айкалыштыруу принцибин кандай түшүнөсүң?

26. Көрсөтмөлүүлүк принциби деген эмне?

27. Сөз өстүрүүнүн методикасы?

28. Окутуунун кырдаалдык-тематикалык принциптери эмнени түшүндүрөт?

29. Проблемалык окутуунун баскычтары ?

30. Окуучунун деңгээли кантип аныкталат?

**Отурумдун төрайымы:**
**Башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы,**
**п.и.к., доценттин м.а.** **Куканова М. А.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ